УДК:81.364:81.2 (575.2) (04)

***Мырзабаева Н.Д.,*** *илимий кызматкер,*
***Базаралиева Г. К.*** *илимий кызматкер*
*Email: dastan200508@mail.ru*

**ТААЛИМ-ТАРБИЯ – УЛУТТУК БААЛУУЛУКТУН БАШАТЫ**

***Мырзабаева Н.Д.****юнаучный сотрудник*
***Базаралиева Г. К.,*** *научный сотрудник*

**ОБРАЗОВАНИЕ И ВОСПИТАНИЕ – ОСНОВА НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ**

***Myrzabaeva N.D.,*** *research fellow*
***Bazaralieva G.K.,*** *research fellow*

**EDUCATION AND UPBRINGING ARE THE BASIS OF NATIONAL VALUES**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу КР УИА,*
*Б.Юнусалиев атындагы тил илими институ, Азыркы кыргыз тили бөлүмү*

*НАН КР при Президенте КР*
*Институт языказнания им.Б.Юнусалиева, Отдел современного кыргызского языка*

*NAS KR under the President of the KR*
*Institute of Linguistics named after B. Yunusaliev, Department of Modern Kyrgyz Language*

**Аннотация.** "Уңгужол" доктринасынын концепциясы, маани-маңызы, аспектилери тууралуу сөз козголот. Кыргыз элинин баалуулуктары, учурдагы абалы, келечеги жөнүндө пикирлер айтылат. Күчүү, бекем мамлекетти курууда үй-бүлөнүн ролу, жаштарга туура багыт берүү, илим-билимдин маанилүүлүгү анализделет.
**Негизги сөздөр:** "Уңгужол", доктрина, жарандык нарк, улуттук аң-сезим, улуттук баалуулуктар, мурас, үй-бүлө.

**Аннотация.** В данной работе рассматриваются концепция, значение и аспекты доктрины "Уңгужол". Освещаются ценности кыргызского народа, текущее состояние общества и его будущее. Анализируется роль семьи в построении сильного и устойчивого государства, необходимость правильного воспитания молодежи, а также важность науки и образования.
**Ключевые слова:** "Уңгужол", доктрина, гражданская ценность, национальное сознание, национальные ценности, наследие, семья.

**Annotation.** This paper explores concept, significance, and key aspects of the "Ungujol" doctrine. It highlights the values of the Kyrgyz people, the current state is analyzed, alohg with the importance of properly guiding the younger generation and the essential role of science and education.
**Keywords:** "Ungujol" **(**fundamental path), doctrine, civic value, national consciousness, national vaiues, heritage, family.

Уңгужолду тереңирээк түшүнүү, маңызын ачуу, анын максаттарын жана милдеттерин талдоо менен биз кыргыз элинин басып өткөн жолун, руханий жана социалдык жактан өнүгүшүн, келечекке карай кадамдарын байкоого ала алабыз. Бул доктринаны бир нече аспектиге бөлүп кароо анын мазмунун ачып берүүгө өбөлгө түзөт.

**Руханий аспекти:** «Уңгужол» концепциясы инсандын таалим-тарбиясын, руха-

ний өсүү процессин жана коомдогу ордун аныктайт.

**Социалдык аспекти:** Ар бир жарандын мамлекет алдында милдети, укугу, жоопкерчилиги, анын коомдогу ролун жана жарандык жоопкерчилигин так, туура аткарууга багыттайт, этикалык жана моралдык принциптерин бекем сактоого өбөлгө түзөт.

**Инсандык өнүгүү аспекти:** Адамдын илим-билим алуусу, шык-жөндөмүн өнүктүрүү жана кесипти туура тандап, мыкты адис катары коомго пайда алып келүү, анын негизинде жашоодо бийик максаттарды багындыруу, үзгүлтүксүз иштеп, өз чөйрөсүндө жогорку деңгээлге көтөрүлүүсүнө шарт түзөт.

**Экологиялык аспекти:** Уңгужолдун дагы бир маанилүү аспектиси - бул адамдын табият менен гармониялуу мамилеси. Табигый ресурстарды туура пайдалануу, табияттын алдында жоопкерчиликти сезүү, сактоо, коргоо ар бир жарандын ыйык милдети экендигин көрсөтөт.

**Улуттук баалуулуктар аспекти:** Инсан өз элинин тарыхын, маданиятын, үрп-адаттарын жакшы билип, руханий дүйнөсү менен байланышын бекемдөөгө умтулуусу зарыл. Улуттук баалуулуктар, негизинен, ар бир улуттун өзгөчөлүктөрү, түпкү көз караштары, моралдык принциптери жана коомдук мүнөздөмөлөрү менен байланышкан мурас болуп саналат.

Уңгужол – бул заманбап философиялык жана социологиялык түшүнүк деп кабыл алсак туура болот. Анткени бул доктринада инсандын жана коомдун өнүгүүсүнүн туура жана жаңы багыттары так, даана көрсөтүлүп берилген, ошондой эле адамдын руханий өнүгүүсүнө жана жалпы коомдук бүтүндүккө жетүү үчүн дүйнөнү түшүнүүнүн жаңы жолдорун ачып берет. Уңгужол түшүнүгү адам баласынын жашоосундагы түрдүү байланыштарга багытталып, аларды терең жана ар тараптуу талдоого алат, ал ар бир адамдын ички дүйнөсүнүн жаңыланышына жана инсандык өнүгүшүнө арналат.

Учурда мамлекетибизде саясий, экономикалык өнүгүүгө багытталган ар түрдүү программалар иштелип чыгып, алга жылууга болгон тынымсыз аракеттер көрүлүп жаткандыгы баарыбызга маалым. Замандын талабына ылайык иш алып барууда коомдук турмушта салттуу жана заманбап баалуулуктарды да кошо, тең салмакта алып кетүү зарылчылыгы жаралды. Себеби өлкөнү экономикалык жактан күчтөндүрүүдө адам ресурсу бааланары, б.а., кыргыз коомун акыл-эстүү, тарбиялуу, билимдүү, мекенчил, нарк-насилдүү, жаратман инсан гана алдыга жылдыра ала тургандыгы анык далилденди. Түбөлүктүү, күчтүү кыргыз мамлекетин калыптандырууда жана өнүктүрүүдө, келечектеги муундар үчүн эң биринчи коопсуз, туруктуу, бейпил, бардар жашоону камсыз кылган коомду түзүү муктаждыгы Уңгужолдун келип чыгышына негиз болгондугуна күбө болдук.

Уңгужолдун эң негизги жети багыты менен жакындан таанышып чыктык. Биз токтоло турган маселе «Таалим-тарбия, илим-билим жана маданият» багытынын таалим-тарбия темасына арналмакчы. Үй-бүлөдө баланын жарык дүйнөгө келиши менен, көп нерсе өзгөрөт. Жубайлар «ата-эне» деген жаңы статуска ээ болушат. Бирок ушул жерде «Жубайлар ата-эне болууга канчалык деңгээлде даяр жана балага татыктуу тарбия менен билим берүүгө кудурети жетеби?» деген суроо жаралбай койбойт. Анткени «Уңгужолдо» «Жарандык нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү»[1] деп белгиленгендигин эске салабыз. Ал эми токтоосуз колго алынуучу милдеттердин эң негизгилеринен болуп, улуттук нарк баалуулуктарга артыкчылык берүү идеясы баса белгиленип көрсөтүлгөн. Демек, ар бир жашы жеткен, парасаттуу кыргыз жараны үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо улуттук нарк-насил жана элдик тарбиянын негиздерине таянуу менен, кыргыз элинин баалуулуктарына басым жасоо абзел деген тыянак чыгарууга болот. Бала улууларды кадырлоого, ата-энени сыйлоого, алардын эмгегин баалоону үйрөнүшү зарыл. Эң башкысы, мекенчилдик бийик сезимдерин

[1] *Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу. 2025.*

ойготуп, ошонун негизинде эли-жерин барктоо сыяктуу баалуулуктарды өркүндөтүү талап кылынат. Мына ушул ыйыктыктардын баарын бала эң алгач ата-энеден, үй-бүлөдөн алуусу зарыл.

Илим менен техниканын дарамети ашып-ташып, күндөн-күнгө жаңы ачылыштар менен адамзатты таң калтырып, адам баласы космостун түпкүрүнө кол сунуп жаткан учурда артыбызга кылчайып, улуттук нарк баалуулуктарыбызга таянып, ата-бабаларыбыздын тажрыйбасына кайрылып, улуттук демибизди эске алып отурганыбызга эмне түрткү болду деген суроо, албетте, жаралбай койбойт. Улуттук нарк-насил кылымдар бою мезгилдин сыноосунан өтүп, толукталып, бекемделип тажрыйбадан өтүп келген. Бекеринен "Хан бийлигинен нарк күчтүү", – деп айтылып калбаса керек. Дегеле, жер жүзүндөгү ар бир улуттун наркы, баалуулуктары адамзаттын руханий дүйнөсүнүн түгөнгүс, кайталангыс казынасы экени талашсыз. Ар бир кыргыз жараны өз улутунун улуулугун, иденттүүлүгүн, бүтүндүгүн билүү менен, ар намыс, парз сыяктуу өзгөчөлүктөрүн өз тулкусунда алып жүрүүсү шарт жана милдет экенин жете түшүнүүсү зарыл. Ата-бабаларыбыз наркты билбеген кишини "нарксыз", "наркы жок", "нарк билбеген наадан" деп айтышкан. Төмөндө кыргыз элинин эзелтен келе жаткан асыл нарктарын белгилеп өтөлү, ар бирин терең түшүнүп, ой калчап, акыл-сезимибизге азык кылып, жүрөгүбүзгө уютуп баалуулуктарыбызды бек сактайлы:

Намыс-ариетти бек тутуу;

Улуттук аң-сезимди, ар-намысты сактоо;

Улуттук нарктарды, каада-салттарды, үрп-адаттарды сактоо;

Ата-журтту коргоо, сүйүү, ак кызмат кылуу;

Эл-журттун алдындагы атуулдук парзын аткаруу;

Ата Мекендин жашыруун сырларын сактоо, душманга дил ачпоо;

Туулуп өскөн жеринен баш тартпоо;

Ата-энеге болгон урмат-сый;

Ага-тууган менен сый мамиле;

Баш кийимди, улуттук кийимдерди кастарлоо;

Комузду ардактоо;

Абийир-ариетти, ар-намысты бекем сактоо;

Нанды улук тутуу;

Ата-бабанын салтын бузбоо;

Эне адебин сактоо;

Эне тилин коргоо, сактоо;

Табиятты коргоо;

Улуттук тамак-аштарды жасай билүү;

Динин, дилин алмаштырбоо;

Улууга урмат, кичүүгө ызат;

Ак никени бузбоо;

Элден бөлүнбөө;

Кечиримдүүлүк;

Меймандостук;

Башка улуттар менен достук мамиледе болуу;

Арбакты сыйлоо, куран түшүрүү ж. б. у. с.

Мына ушул сыяктуу эзелтен келе жаткан асыл нарктарыбыз муундан-муунга өтүп, кийинки муунга үлгүболуп кызмат кылат. Жогоруда аталган баалуулуктар ар бир кыргыз үй-бүлөсүндө сакталууга тийиш. Тилекке каршы, акыркы мезгилде коомубузда нарк-насилибизге карама-каршы, эч кандай туура келбеген көптөгөн окуялар улутубуздун беделин түшүрүп, кыргыз деген бийик атыбызга көө жаап жаткандыгына баарыбыз күбө болуп келе жатабыз. Мисалы, "Карылар үйлөрү", "Балдар үйлөрү" сыяктуу кыргызга жат көрүнүштөр учурда коомубузда кадыресе кабыл алынып калгандыгы өкүнүчтүү. Акыркы жылдарда жаңы төрөлгөн ымыркайларды көчөгө таштап кетип жаткан окуяларга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттар тарабынан айрым өлкөлөрдө тажрыйбаланып келген "беби-боксторду" уюштуруу сыяктуу маселелердин көтөрүлүп жаткандыгы коомубуз канчалык деңгээлде нарк-насилинен алыстап, түпкүлүгүбүзгө кайтуу учуру келгендигин дагы бир жолу айгинелеtelди. Мындай кейиштүү мисалдардын байма-бай катталып жаткандыгынын себеби жаш муундардын руханий жактан жардылыгынан кабар берип, элдик тарбия, улуттук көрөңгөбүздөн алыстап, алсыздап бараткандыгы деп түшүндүрүүгө болот.

Ата менен эне өздөрү тарбиялуу болуп, балдарына бардык жагынан өрнөк, үлгү болуусу керек. Баланын ар тараптуу жетилген, коомго пайда алып келчү толук кандуу инсан катары калыптанышына, эң алгач, ата-энениn ролу чоң экенинде калет жок. Бекеринен элибизде "Жакшы таалим – баа жеткис

мурас" деп айтылбаган. Атанын берген мыкты таалими, жашоого берген туура багыты, өз алдынчалыгын өнүктүрүүсү баланын өсүп жаткан дооруна шайкеш келүүсү шарт. Ата кадыр-барктуу, нарк-насилдүү, бакубат болсо үй-бүлө бекем, ал эми коом күчтүү, мамлекеттин келечеги кең болот.

Үй-бүлөдөгү ынтымактын, берекелүүлүктүн, ыймандуулуктун, ырыс-кешиктин өзөгүн, албетте, энелер кармап турат. Кыргызда Умай эне философиясы бекеринен жаралбагандыгын элдик оозеки чыгармалар, дастандар, эпосторубуз далилдеп турат. Умай Эне – кыргыз элинин байыркы мифологиясындагы, диний ишенимдериндеги жана элдик түшүнүктөрдөгү абдан сыймыктуу, бийик каарман. Умай Эненин бирден-бир негизги мааниси – энелердин үй-бүлөдөгү жана коомдогу ордун жана маанисин белгилеп, алардын ролун жогорку деңгээлде баалоо. Элибизде аял, эң биринчи кезекте, үй-бүлөнүн туткасы болуп эсептелет. Ал үйдүн куту жана уңгусу, сүйүү, мээримдүүлүк, кечиримдүүлүк, тынчтыкты жана ынтымакты түзүүдө өзгөчө орунга ээ. Уулду-уулдай, кызды-кыздай өз-өзүнчө тарбиялоодо, асыл сапаттарды боюна сиңирүүдө акылман эненин таасири өтө чоң. Энелер – жети атанын нарк-намысын сактап, үй-бүлөлүк жашоону бекемдөөгө негиз салган ыйык инсан. Энелер бизге тарбия, ар-намыс жана сүйүү менен кошо, ар бир муундун ордун белгилеп, коомдо жашоо үчүн керек болгон эң маанилүү баалуулуктарды балдарына үйрөтүп келишет. Эне болуу – бул чоң жоопкерчилик жана татаал милдет. Нарктуу жана намыстуу энелер балдарына билим берип, туура жолго салып, алардын келечегин бекемдөөгө тынымсыз аракет кылышат.

Жогоруда биз үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги тууралуу сөз кылганбыз. Ошентип үй бүлөдөн туура багыт алып тарбияланган бала балдар бакчасына, мектепке, андан ары арышын кеңейтип, жогорку окуу жайларына карай багыт алат. Ата-эненин кучагынан суурулуп чыккан наристенин аң-сезиминде жарандык, мекенчилдик сыяктуу баалуулуктарды бекемдөөдө, жалпы элдин улуттук демин арттырууда, келечекке болгон ишенимдүү кадамын шилтөөдө билимдүү, кесипкөй тарбиячылардын, мугалимдердин, устаздардын аракети баалуу болуп эсептелет. Балдарды сүйгөн мыкты профессионал адис өз кезегинде балага кыргыз элинин улуттук нарк-насил жана баалуулуктар менен заманбап талаптарды шайкештирүүнүн негизинде өз мекенин сүйүүгө, эли-журтуна кызмат кылууга болгон шыгын өнүктүрүп, арттыра алышат. Жаш муундарга билим берүүдө, илим алууда келечекке карай бийик максаттарды коюп, ага жетүүнүн туура ыкмаларын үйрөтүп, жол көрсөтүшөт. Мамлекетибизди алдыга сүрөөдө илимдин ар тармактарын өнүктүрүүнү колго алуу зарыл.

Мамлекет тарабынан илимге айрыкча көңүл бөлүнүп, жаш илим-поздорго ар тараптуу колдоо көрсөтүү учурдун эң негизи талаптарынын бири, бул өз кезегинде табигый илимдер менен коомдук илимдер тармагында зор ачылыштарга алып келет, Кыргыз Республикасынын жакынкы жылдарда өнүккөн, күчтүү, кубаттуу, дүйнөлүк бийиктиктерге жеткен бакубат өлкөгө айланууга кепил болот. Кыргыз мамлекети, коомчулук, үй-бүлө институту бирдикте уюмдашкан иш алып баруу менен ар бир жаранды жаратмандыкка багыттап, көрөңгөлүү элибиздин биримдигин туу тутуп учурдагы кырдаалдан бат чыгып кетүү мүмкүнчүлүгү ар бир атуулдун өз колунда. Жыйынтыктап айтканда "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" Уңгужолу аркылуу өлкөбүздүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртып, коомдук моралды, адеп-ахлакты бийик деңгээлге алып чыгуу ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик". Уңгужолу. 2025-ж. 15-б.